РГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ТАМГА АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
ТАМГИНСКОГО АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ТАМГИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ

2023-жылдын 19-сентябрындагы № 30 Тамга айылы

## «Айыл чарба багытындагы жер салыгынын ордун толуктоо үчүн Республикалык бюджеттен максаттуу трансферт аркылуу келген акча каражатын 2023-жылдын бюджетине кошумча пайдалануу жөнүндө»

Айыл чарба багытындагы жер салыгынын ордун толуктоо үчүн Республикалык бюджеттен максаттуу трансферт аркылуу келген 215 100 (эки жүз он беш миң бир жүз) сомду максаттуу түрдө пайдалануу максатында, айыл өкмөтүнүн бул маселе боюнча берген сунушун ар тараптан карап чыгып, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги XV сессиясы **токтом кылат:**

1. Тамга айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетине Республикалык бюджеттен трансферт катары келип түшкөн 215 100 (эки жүз он беш миң бир жүз) сом акча каражаты Тамга жалпы билим орто мектебине 50 000 (элүү миң) сом, Тосор жалпы билим орто мектебине 50 000 (элүү миң) сом канцелярдык жана чарбалык буюмдарды алууга жана 115 100 сом (бир жүз он беш миң бир жүз) сом айыл өкмөттүн техникалык көзөмөл жүргүзүүчү адис жалдоого чыгымдалсын.

2. Тамга айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.К.Орозбаковго акча каражатын максаттуу чыгымдоо милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин пландоо, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А.Букаров**

Жиберилди:иш кагаздарга- 1,Тамга а/ө- 1,Жети-Өгүз райондук финансы бөлүмүнө-1, юстицияга -2;